## Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2014-жылдын декабрь айы)*

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рынокто Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн. Мамлекеттик казына облигацияларынын (мындан ары МКО) жарыяланган эмиссиясынын көлөмү өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырганда 28,0 пайызга төмөндөө менен 170,0 млн сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде рыноктун катышуучулары тарабынан жүгүртүү мөөнөтү 2 жыл болгон баалуу кагаздар 136,9 млн сом суммасына сатылып алынган, ал өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 6,6 пайызга көп. Суроо-талап көлөмү 27,5 пайызга төмөндөө менен 399,3 млн сомду түзгөн. Мында, канааттандырылган суроо-талап деңгээли 34,3 пайызды түзгөн.

МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 1,6 п.п. төмөндөп, кароого алынып жаткан мезгил ичинде 14,4 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн.

Жыл башынан тартып жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү 7,2 млрд сомго чейин (+43,4 пайызга көбөйгөн). Мында, негизги ээлик кылуучулардын - институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 7,7 пайыздык пунктка (52,1 пайызга чейин) көбөйүүсү байкалган. Коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескерисинче 5,9 п.п. төмөндөп, 47,8 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Юридикалык жактардын - резиденттердин салыштырма салмагы мурдагыдай эле 0,1 пайыз деңгээлинде сакталып турган.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси[1] 0,31 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп, рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвесторлордун катышкандыгына дал келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

[1] Бул индекс банк портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээлин көрсөтөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болуучу маанилери 0дөн 1ге чейинки маанини камтыйт. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси рынокто бирдей үлүшкө эки катышуучунун; ал эми 0,3 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Декабрь'2013 | 5 740 680,0 | 3 431 385,9 | 59,8 | 2 214 594,1 | 38,6 | 4 700,0 | 0,1 |
| Январь'2014 | 5 785 280,0 | 3 374 033,5 | 58,3 | 2 315 546,5 | 40,0 | 5 700,0 | 0,1 |
| Февраль | 5 425 380,0 | 3 047 712,1 | 56,2 | 2 371 967,9 | 43,7 | 5 700,0 | 0,1 |
| Март | 5 916 280,0 | 3 073 612,1 | 52,0 | 2 836 967,9 | 48,0 | 5 700,0 | 0,1 |
| Апрель | 6 404 580,0 | 2 939 877,8 | 45,9 | 3 459 002,2 | 54,0 | 5 700,0 | 0,1 |
| Май | 6 826 480,0 | 3 161 885,4 | 46,3 | 3 658 894,6 | 53,6 | 5 700,0 | 0,1 |
| Июнь | 7 081 360,0 | 3 195 535,4 | 45,1 | 3 880 124,6 | 54,8 | 5 700,0 | 0,1 |
| Июль | 7 071 350,0 | 3 275 785,4 | 46,3 | 3 788 864,6 | 53,6 | 6 700,0 | 0,1 |
| Август | 6 994 600,0 | 3 084 681,3 | 44,1 | 3 903 218,7 | 55,8 | 6 700,0 | 0,1 |
| Сентябрь | 7 208 100,0 | 3 318 252,5 | 46,0 | 3 883 147,5 | 53,9 | 6 700,0 | 0,1 |
| Октябрь | 7 229 000,0 | 3 368 300,4 | 46,6 | 3 853 999,6 | 53,3 | 6 700,0 | 0,1 |
| Ноябрь | 7 218 400,0 | 3 390 223,4 | 47,0 | 3 821 476,6 | 52,9 | 6 700,0 | 0,1 |
| Декабрь | 7 156 300,0 | 3 420 223,4 | 47,8 | 3 729 376,6 | 52,1 | 6 700,0 | 0,1 |